КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ЧОҢ-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 13-кеңешмесинин ТОКТОМУ**

2026-жылдын 14-январы № **133** Манас айылы

**Чоң-Алыш айылдык Кеңешинин айыл өкмөтүнүн 2026 - жылга бюджетин бекитүү жана 2027-2028-жылдарга божомолу жөнүндө Кеңештин - IX чакырылышынын он үчүнчү кезектүү кеңешмеси**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин аткарылышы канааттандырарлык деп табылсын.
2. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бюджетинин киреше бөлүгү боюнча 34033,6 миң сом өлчөмүндө жана чыгаша бөлүгү боюнча 34033,6 миң сом өлчөмүндө белгиленсин.
3. Чоң-Алыш айыл аймагынын 2026-жылга бюджетинин киреше бөлүгү №1 тиркемеге ылайык киреше булактардан түшүүчү каражаттардын эсебинен түзүлө турганы аныкталсын.
4. Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 24-беренесине ылайык бюджетке каралбаган чыгымдарды жабуу үчүн жалпы бюджеттик чыгашалардын эсебинен резервдик фонд 330,0 миң сом өлчөмүндө Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн резервдик фонду айыл өкмөтүнүн бюджетинин 1% 2.3 тиркемеге ылайык түзүлсүн.
5. 2026-жылга атайын каражат счеттун киреше жана чыгаша бөлүгү 5280,0 миң сомго бекитилген. Ата-энелер төлөмү 2026-жылга 400 балага ай сайын 1200,0 миң сом. Атайын каражат счеттун киреше жана чыгаша бөлүгү №4 тиркемеге ылайык белгиленип бекитилсин.
6. Жайыт комитетинин 2026-жылга кирешеси 721,0 миң сом жана чыгаша бөлүгү 721,0 миң сомго бекитилсин.
7. Чоң-Алыш айыл аймагынын 2027-2028-жылдарга киреше-чыгашасын болжолдуу долбоору 5 тиркемелерге ылайык бекитилсин.
8. 2026-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлиги тарабынан 2026-жылга 23000,1 миң сом контролдук цифра берилип бекитилди. Бирок план көп берилгендигине байланыштуу 3000,0 миң сом алты айдын жыйынтыгы менен кыскартып берүү жагы сунушталсын.
9. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 15 штаттык бирдиги - анын ичинде: 3 штат кенже тейлөө кызматкери, 2 штат техникалык тейлөө кызматкери, 4 штат бирдиги КР Өкмөтүнүн 01.08.2022-жылдагы №266 жарлыгынын,07.02.2024-жылдагы №52 жана 12.07.2024-жылдагы №381 жарлыктардын негизинде жана кызматкерлердин эмгек

акы төлөө шарттары жөнүндө КР Өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтомунун негизинде бекитилсин.

10. Чон-Алыш айылдык аймагынын айыл өкмөтүндө 1штат ВУС адиси, 1штат юрист,1штат айыл башчы,1 штат жер адис контрактык негизде, Чат-Базар, Манас жана Кара-Суу айылдарындагы китепканасына 3 китепканачы, 1 парк башчы,1 клуб башчы бекитилсин. КРӨ 2022-жылдын 01.04.2022-жылдагы № 185 токтомунун негизинде бекитилсин.
11. Айыл өкмөтүнүн мекеме уюмдары жыл ичинде каржылоо чыгымдарына зарыл болгон учурда чейректен чейрекке жылдыруу жагы. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 109- беренесинин негизинде жүргүзүлсүн жана айыл өкмөтүнүн социалдык- экономикалык пландоо жана өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы М.Кубандыковага милдеттендирилсин.
12. Кабыл алынган токтомдорду өкмөттүн сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларын мамлекеттик реестеринен Каттоодон өткөрүүнү көзөмөлгө алуу жагы Чон-Алыш айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы З. Исмановага милдеттендирилсин.
13. Ушул токтом жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

Айылдык Кенешинин 14.01.2026-ж.
№ 133 токтомуна №1 тиркеме

## Талас районундагы Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бюджеттин киреше бөлүгүнүн рашифровкасы.

| | Статья | Салыктын түрү | 2026-ж |
|---|---|---|---|
| 1. | 11111100 | Подоходдун негизинде алынуучу киреше салык | 21000,0 |
| 2. | 11122000 | Патенттин негизинде ыктыярдуу турдо алынуучу салык | 278,6 |
| 3. | 11311100 | Ишкердик иши үчүн пайдаланылбаган кыймылсыз мулкке салык | 61 |
| 4 | 11311200 | Турак эмес имаратка ж-а жайга мулк салыгы | 180,0 |
| 5 | 11321100 | Короо жанындагы жана дачалык жер участокторун пайдалануу үчүн жер салыгы | 377,0 |
| 7 | 11321300 | Калктуу конуштардын жерлерине ж-а айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы | 402,7 |
| 8 | 14151200 | Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн акы | 2334,6 |
| 9 | 14211200 | Муниципалдык менчикте турган жайлардын,имараттардын,жабдуулардын,техник. Ижара акысы | 579,5 |
| 10 | 1415260 | КБФ жерлеринин ижара акысы | 435,0 |
| | 14152100 | Калктуу конуштарда жер ижарасы учун акы | 350,0 |
| 11 | 14152200 | Жайыт ижарасы үчүн акы | 721,0 |
| 12 | 1422 | Салыктын туру,мусор салыгы | 2,1 |
| 13 | 1146232 | Курулуш куму | 32,0 |
| 14 | 14232 | Атайын каражат ата-энелер толому | 5280,0 |
| | | | |
| | | **БЕКИТИЛГЕН КИРЕШЕЛЕР** | **32033,5** |
| | | **КИРЕШЕНИН ЖЫЙЫНТЫГЫ** | **32033,5** |

Социалдык-экономикалык пландоо жана онуктуруу болумунун башчысы М.Кубандыкова

Киреше боюнча жетектоочу адис К.Черикчиева

**Айылдык Кенешинин [illegible].01.2026-ж.**
**№133 токтомуна №2 тиркеме**

**Талас районундагы Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн**
**2026-жылга карата чыгаша болугунун жалпы суммасы.**

| | Болумдор | сумма |
|---|---|---|
| 1 | Башкаруу тармагы | 18467,4 |
| 2 | Жайыт болуму | 721,0 |
| 3 | Маданият тармагы | 1302,4 |
| 4 | Билим беруу тармагы | 9712,7 |
| 5 | Социалдык коргоо | 1830,0 |
| | **Чыгашалар болугу боюнча бардыгы** | **32033,5** |

Социалдык-экономикалык пландоо жана
онуктуруу болумунун башчысы М.Кубандыкова

Айылдык Кенешинин 14.01.2026-ж.
№ 133 токтомуна №3 тиркеме

| № п/п | Чыгаша болугу | Заработные плата | Взносы и соц.фонд | Командировочные расходы | Услуги связи | Бензин,дизель прочее топливо | Прочие расходы связанные с оплатой прочих услуг | Приобретение продуктов питания | Расходы на текущий ремонт имушества | Приоб.предметов и материалов для текущих хоз.цилей | Приобретение угля | Комм.услуга Сууга толом | Резервные фонды | Здания сооружения | Машина и оборудования | жалпысы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Башкаруу органы | 7608,6 | 989,3 | 250,0 | 120,0 | 406,0 | 2915,0 | | 330,0 | 450,0 | 68,0 | | 330,0 | 4550,0 | 2450,0 | 20467,5 |
| 2 | Жайыт комитети | | | | | | 721,0 | | | | | | | | | 721,0 |
| 3 | Билим беруу тармагы | | | | 28,8 | | 14,4 | 5280,0 | 520,0 | 542,0 | 2847,5 | 80,0 | | | 400,0 | 9712,7 |
| 4 | Маданият тармагы | 1093,8 | 188,6 | | | | 20,0 | | | | | | | | | 1302,4 |
| 5 | Социальная зашита | | | | | | 1830,0 | | | | | | | | | 1830,0 |
| | Чыгашалар болугу боюнча баардыгы | 8702,4 | 1177,8 | 250,0 | 148,8 | 406,0 | 5500,4 | 5280,0 | 850,0 | 992 | 2915,5 | 80,0 | 330,0 | 4550,0 | 2850,0 | 34033,6 |

Социалдык-экономикалык пландоо жана өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы М.Кубандыкова

**Айылдык кенештин**
**14.01.2026-ж**
**№ 133 токтомуна 4 -тиркеме**

**Чоӊ-Алыш АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**

**2026- ЖЫЛГА АТАЙЫН СЧЕТУНУН КИРЕШЕ ЖАНА**

**ЧЫГАША БӨЛҮГҮ БОЮНЧА**

**ЖАЛПЫ КӨЛӨМҮ**

| | Мазмуну | СУММА |
|---|---|---|
| | Ата-энелерден алынуучу акы | 5280,0 |
| | Жалпы киреше | 5280,0 |

**ЧЫГАША БӨЛҮГҮ 2026-ЖЫЛГА**

| № | МАЗМУНУ | Статья | БАРДЫГЫ |
|---|---|---|---|
| 1 | Тамак-аш азыктарын сатып алуу | 2218 | 5280,0 |
| | БАРДЫГЫ | | 5280,0 |

Социалдык-экономикалык пландоо жана
онуктуруу болумунун башчысы М. Кубандыкова

**Айылдык кеңештин**
**14.01.2026-ж.**
**№ 133 токтомуна**
**5 -тиркеме**

## Чоң-Алыш АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН

## 2026- ЖЫЛГА АТАЙЫН СЧЕТУНУН КИРЕШЕ ЖАНА

## ЧЫГАША БӨЛҮГҮ БОЮНЧА

## ЖАЛПЫ КӨЛӨМҮ

| | **Мазмуну** | СУММА |
|---|---|---|
| | Ата-энелерден алынуучу акы | 5280,0 |
| | **Жалпы киреше** | **5280,0** |

## ЧЫГАША БӨЛҮГҮ 2026-ЖЫЛГА

| № | **МАЗМУНУ** | **Статья** | **БАРДЫГЫ** |
|---|---|---|---|
| 1 | Тамак-аш азыктарын сатып алуу | 2218 | 5280,0 |
| | **БАРДЫГЫ** | | 5280,0 |

Социалдык-экономикалык пландоо жана онуктуруу болумунун башчысы М. Ку[illegible]ндыкова

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 13-кеңешмесинин ТОКТОМУ**

2026-жылдын 14-январы № **134** Манас айылы

**Айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын социалдык - экономикалык өнүгүү багытында аткарылган иштери жөнүндө**

Айыл өкмөтүнүн башчысынын 2025-жылдын социалдык - экономикалык өнүгүү багытында аткарылган иштери жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысынын маалыматтын угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат**:

1. Айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын социалдык - экономикалык өнүгүү багытында аткарылган иштери "канааттандырарлык" деп белгиленсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т. Бе[illegible]шеналиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ЧОҢ-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү
13-кеңешмесинин ТОКТОМУ**

2026-жылдын 14-январы **№ 135** Манас айылы

**Чоң-Алыш муниципалдык ишканасынын 2025-жылдын бюджетинин
аткарылышы жөнүндө**

Чоң-Алыш муниципалдык ишканасынын 2025-жылдын бюджетинин аткарылышы боюнча, Чоң-Алыш муниципалдык ишкананын жетекчиси М. Сахидиновдун отчетун угуп, талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш муниципалдык ишканасынын 2025-жылдын бюджетинин аткарылышы "канааттандырарлык" деп белгиленсин.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 13-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-январь № 136 Манас айылы

**Манас айылында жайгашкан "Узакбай уулу Жаркын" атындагы ат майданы реконструкциялоо жөнүндө**

Манас айылынын тургуну Ибраимов Иманкан Узакбаевичтин арызын карап талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 13-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылынын Маңдай участкасынын 322 контурунда жайгашкан "Узакбай уулу Жаркын" атындагы ат майданы жалпы аянты 1,80га реконструкция иштери жүргүзүлсүн.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго жүктөлсүн

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 13-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 14-январь № 137 Манас айылы

**Каттуу тиричилик таштандыларын ташып чыгууга тарифтерди бекитүү жөнүндө**

"Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө" Кыргыз Республикасыны Мыйзамына ылайык, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34,39-беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле жерди пайдалануу, архитектура, курулуш унаа жолдор, мал чарбачылыгы, муниципалдык менчик, мыйзамды сактоо, укук тартиби туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 13-сессиясы **токтом кылат:**

1. Катуу тиричилик таштандыларын ташып чыгууга төмөнкү тарифтик бекитилсин:
-калк үчүн тарифтик төлөм ар бир түтүнгө 100сом өлчөмүндө:
-ишканалар, коммерциялык объекттер үчүн бир айга 300сом өлчөмүндө.
2. Курулуш таштандылары, жаныбарлардын кыгы, отун жана көмүр күлү, чөп жана чөптүн калдыктары чыгарылбасын.
3. Ушул токтом Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.
4. Чоң-Алыш айыл кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы муниципалдык ишкананын жетекчиси М. Сахидиновко милдеттендирилсин.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика бюджет, соода өнөр жай, инвестициялар жана ишмердүүлүктү колдоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ЧОҢ-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 13-кеңешмесинин ТОКТОМУ**

2026-жылдын 14-январы № **138** Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагынын сыйлыктары жөнүндө Жобо тууралуу**

Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысы З. Исмановanын сунушун угуп жана талкуулап, Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX - чакырылышынын кезектүү 13-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын сыйлыктары жөнүндө ЖОБО тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго жүктөлсүн.

3. Кабыл алынган токтомдорду өкмөттүн сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларын мамлекеттик реестеринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлгө алуу жагы Чоң-Алыш айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы З. Исмановага милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы маданият, спорт, жаштар иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

тиркеме
Чоң-Алыш айыл аймагынын
айылдык кеңешинин
2026-жылдын 14-январы
кезектүү 13- сессиясынын
№ 138токтому менен
бекитилди

**Чоң-Алыш айыл аймагынын сыйлыктары жөнүндө ЖОБО**

1. Жалпы жоболор
2. Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы.
(мындан ары "Ардактуу атуулу")
3.Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн "Сыймыктуу инсан" наамы.
(мындан ары "Сыймыктуу инсан")
4.Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардак грамотасы"
5. Сыйлыктарга көрсөтүү тартиби
6. Чоң-Алыш айыл аймагынын сыйлыктарын тапшыруу тартиби

## I. Жалпы жоболор

1.Чоң-Алыш айыл аймагынын сыйлыктары атуулдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүшүнө кошкон өзгөчө салымын таануу формасы болуп саналат.

2. Чоң-Алыш айыл аймагынын сыйлыктары болуп Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу", "Сыймыктуу инсаны" жана "Ардак грамота" эсептелет.

- Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" жана "Сыймыктуу инсаны" сыйлыктарынын ээлерине төш белги жана күбөлүк берилет.

- Ардак грамотанын, күбөлүктүн, төш белгилердин жана аларга камтылган маалыматтардын үлгүлөрү Айылдык Кеңештин сессиясында бекитилет.

3. Ардак Грамота менен сыйлоо жана төш белгилерди тапшыруу айылдык Кеңештин орун басары жетектеген атайын түзүлгөн сыйлык боюнча комиссиясынын аныктамасына ылайык айыл өкмөтүнүн буйругунун негизинде ишке ашырылат.

4. Чоң-Алыш айыл аймагынын сыйлыктары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекеме-ишканаларынын жогорку квалификациядагы кызматкерлери, Чоң-Алыш айыл аймагынын жарандары, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкон атуулдарга берилет.

## II. Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы

1.1. Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жобосу айыл аймагынын өсүп-өнүгүшүнө зор салым кошкон, мамлекеттик, муниципалдык, коомдук жана чарбалык иштерде билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо жана спорт тармактарында, эл арасындагы ынтымактуулукту коргоого жана чыңдоого кошкон өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн айыл аймагында 15 жылдан кем эмес жашаган тургунга ыйгарылат.

1.2. "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу демилгесине жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары-айыл өкмөтү, айылдык кеңеш, мекеме ишканалардын эмгек жамааты, республикалык коомдук саясий уюмдар жана облустук, райондук мамлекеттик

администрациялар, көчөнүн жашоочулары, жеке менчик ишканалардын жамааттары ээ болот.

1.3. "Ардактуу наам" ыйгаруу жөнүндөгү сунуштарды айыл өкмөтү жана айылдык кеңеш кабыл алып, арыздарды Жобонун талаптарына ылайык карап чыгып, тиешелүү документтерин топтоп, өзүнүн сунушу менен айылдык кеңешке жөнөтөт.

1.4. "Ардактуу атуул" наамына талапкерлердин документтери айылдык кеңештин сессиясында депутаттардын кароосуна коюлуп, жалпы депутаттардын көпчүлүгүнүн добушуна ээ болгон тургундун талапкерлиги колдоого алынды деп эсептелет жана чечим токтом түрүндө чыгарылат.

1.5. "Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы бир жылда 5 адамга гана ыйгарылат.

**Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу үчүн негизги талаптар:**

2.1. Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө зор салым кошкон, мамлекеттик, коомдук жана чарбалык иштерде, илим, билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо жана спорт тармактарында өзгөчө сиңирген эмгеги, эл арасында ынтымактуулукту чыңдоого активдүү катышкандыгы, мамлекеттик сыйлыктары бар жарандарга;

2.2. Чоң-Алыш айыл аймагынын инфраструктуралык тутумдарында, менчигинин түрүнө карабастан 15 жылдан кем эмес үзүрлүү эмгеги менен айылдын жашоочуларына таанылган жарандарга;

2.3. Чоң-Алыш айыл аймагынын 9 чакырылышынын депутаты болуп шайланган депутаттарына;

2.4. "Ардактуу Атуулу" наамына айыл аймагында жасаган өзгөчө эмгеги үчүн чет өлкөлөрдүн жарандары, айыл аймагында жашабаган Кыргыз Республикасынын атуулдары татыктуу боло алышат.

**Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруунун тартиби:**

3.1. Чоң-Алыш айыл аймагынын **"Ардактуу атуулу"** наамы айылдык жыйындардын, коомдук уюмдардын, ишканалардын, мекеме-уюмдардын жалпы чогулуштарында каралып, комиссияга берилет. Өзгөчө сиңирген эмгек үчүн Чоң-Алыш айыл аймагынын **"Ардактуу атуулу"** деген наамы депутаттардын үчтөн биринин же сунушу менен комиссияда каралат.

3.2. Чоң-Алышайыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына талапкер мекеме ишканалар тарабынан сунушталган болсо;

-Эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун протоколу, токтому;

- өздүк баракчасы сүрөтү менен;

- паспорттун көчүрмөсү;

-**“Ардактуу атуулу”** наамы берилүүчү адамдын мамлекеттик жогорку сыйлыктарынын көчүрмөлөрү ( грамота, орден, медаль, ардактуу наам ж.б)

3.3. Эгерде **“Ардактуу атуулу”** наамына талапкер жеке жарандар, коомдук уюмдар тарабынан сунушталган болсо;

- Талапкер боюнча ошол көчөнүн жашоочулары менен өткөрүлгөн чогулуштун жыйынтыгынын протоколу;

- чогулушка 18 жаштан жогорку жашаган адамдардын жалпысы катышып, катышуучулардын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдук берүүсү;

- коомдук (саясий) уюмдардын сунушу, аткарган иштеринин натыйжалары тууралуу кеңири маалыматты камтуу менен;

- өздүк баракчасы сүрөтү менен, өмүр баяны, паспортунун көчүрмөсү;

- мамлекеттик жогорку сыйлыктардын көчүрмөлөрү (грамота, орден, медаль, ардактуу наам ж.б);

3.4. **“Ардактуу атуулу”** наамы соттуулугу бар жарандарга ыйгарылбайт;

3.5. Жеке жарандардын кайрылуусу каралбайт;

3.6. Чоң-Алыш айыл аймагынын **“Ардактуу атуулу”** наамы атайын түзүлгөн комиссия тарабынан берилген протоколго ылайык атайын комиссиянын чечиминин негизинде айылдык кеңештин токтому менен ыйгарылат.

3.7. Чоң-Алыш айыл аймагынын **“Ардактуу атуулу”** наамы салтанаттуу кырдаалда наам ыйгарылган жарандын өзүнө тапшырылат. Наам менен бирге сыйланган адамга Чоң-Алыш айыл аймагынын **“Ардактуу атуулу”** наамын күбөлөндүрүүчү күбөлүк, төш белги берилет.

3.8. Чоң-Алыш айыл аймагынын **“Ардактуу атуулу”** наамы бир гана жолу ыйгарылат жана кайталап берүү жүргүзүлбөйт.

3.9. Атуулдардын юбилейлерине байланыштуу аларга **“Ардактуу атуулу”** наамы берилбейт.

**Чоң-Алыш айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын алган жарандардын укуктары.**

4.1. **“Ардактуу атуулу”** наамынын ээси айыл аймагында төмөндөгүлөргө укуктуу:

-айыл аймагынын тургундарынын жашоо деңгээлин жогорулатуу боюнча айылдык кеңешке жана айыл өкмөтүнө сунуш менен кайрылууга;

-айыл аймагындагы ишканалардын, мекеме-уюмдардын жетекчилеринин жана башка кызмат адамдарынын кабыл алуусунда эч тоскоолдуксуз кабыл алынууга жана тиешелүү маселелер боюнча алардан жооп алууга.

4.2. Чоң-Алыш айыл аймагынын **“Ардактуу атуулу”** наамына негизсиз көрсөтүүгө жол берген адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

4.3. Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзам актыларын бузган, кылмыш жоопкерчилигине тартылган жарандардан Чоң-Алыш айыл аймагынын **“Ардактуу атуулу”** наамын алып салуу боюнча атайын түзүлгөн комиссия айылдык кеңештин сессиясында бекитип берүү боюнча сунуш берет.

4.4. Чоң-Алыш айыл аймагынын **“Ардактуу атуулу”** наамын күбөлөндүргөн Күбөлүктү мыйзамсыз жасап алуу, сатуу, алмашуу колдонуудагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликти тартат.

## III. Чоң-Алыш айыл аймагынын “Сыймыктуу инсан” наамы

1.Чоң-Алыш айыл аймагынын “Сыймыктуу инсан” наамы айылдын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө, коомдук өндүрүштүн эффективдүүлүгүнүн өсүшүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылоо булактарынын өсүшүн бекемдөөгө:

-айылдын инфраструктурасын жакшыртуу жана өнүктүрүүгө;

-коомдук иштерге активдүүлүгүн көрсөтүп айылдын түптөлүшүнө;

-жаш муундарга адеп-ахлактык жана маданияттуулукту жогорулатууга;

-илим, билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо жана спорт тармактарында өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн ыйгарылат.

2. “Сыймыктуу инсан” наамы салтанаттуу кырдаалда наам ыйгарылган адамдын өзүнө тапшырылат. Наам менен бирге сыйланган адамга Чоң-Алыш айыл аймагынын “Сыймыктуу инсан” наамын күбөлөндүрүүчү күбөлүк жана төш белги берилет.

3. “Сыймыктуу инсан” наамын айылдык Кеңештин төрагасы, айыл өкмөтүнүн башчысы, ошондой эле алардын тапшырмасы боюнча орун басарлар, айылдык Кеңештин жооптуу катчысы тапшырат.

4. “Сыймыктуу инсан” наамы бир гана жолу ыйгарылат жана кайталап берилбейт.

5. Юбилейлерине байланыштуу аларга “Сыймыктуу инсан” наамы берилбейт.

6. “Сыймыктуу инсан” наамына негизсиз көрсөтүүгө жол берген адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

7. “Сыймыктуу инсан” наамына тийиштүү болгон күбөлүк, төш белгинин мыйзамсыз жасатып алууга, сатуу, алмаштыруу мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

8. Жоголгон күбөлүк жана төш белгинин дубликаттары берилбейт.

9.“Чоң-Алыш айыл аймагынын “Сыймыктуу инсан” наамы бир жылда 5 адамга гана ыйгарылат.

## IV. Чоң-Алыш айыл аймагынын “Ардак грамотасы”

Чоң-Алыш айыл аймагынын “Ардак грамотасы” менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүшүнө, муниципалдык кызматтагы, өндүрүштүк, илимий-техникалык чыгармачылык, тарбиячылык, коомдук кайрымдуулук ишмердикте жетишкендиктери үчүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мекеме-ишканаларында, коомдук уюмдарында үлгүлүү иш алып баргандар сыйланат. Айрым учурларда өзгөчө көрсөткүчтөргө жетишкен жалпы эмгек жамаатына берилиши мүмкүн.

## V. Сыйлыктарга көрсөтүү тартиби

Чоң-Алыш айыл аймагынын сыйлыктарына сунуш берүүгө төмөнкүлөр укуктуу:

-айылдык Кеңеш
-айыл өкмөт
-аксакалдар соту
-аксакалдар Кеңеши
-аялдар Кеңеши
-айыл башчылар
-мекеме-ишканалар, уюмдар.

1. Келип түшкөн материалдары атайын түзүлгөн сыйлык боюнча комиссиясында, белгиленген убагында каралып, протоколдук негизде кабыл алынган аныктамасын айылдык кеңештин сессиясына акыркы чечимине кабыл алуу үчүн жиберет.

2. Чоң-Алыш айыл аймагынын сыйлыктарына сыйлык боюнча комиссиясы тарабынан жыл ичинде кварталда бир жолу каралат.

## Сыйлыкка көрсөтүлгөн адамдардын керектелүүчү документтери

1. Айылдык кеңештин төрагасынын, же айыл өкмөт башчысынын наамына сунуш.

2. Сыйлыкка көрсөтүлгөн адамдын кандидатурасын эмгек жамаатында, жыйындарда талкуулоо протоколу.

3. Паспорт.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ЧОҢ-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 13-кеңешмесинин ТОКТОМУ**

2026-жылдын 14-январы № **139** Манас айылы

**Жалпы жана мектепке чейинки билим берүү мекемелери жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагында жайгашкан мекеме-уюмдардын жетекчилеринин 2025-жылга карата отчетторун угуп, талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 13-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагында жайгашкан жалпы жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин 2025-жылга карата отчеттору "канааттандырарлык" деп белгиленсин.

**Торага** **Т. Бейшеналиев**